# Мекен таануу сабагынан тапшырмалар

Өзүңдү текшер:

**1) Кыргызстандын борбору.** (астынан туура жообун белгиле)

| | | |
|---|---|---|
| Каракол | Бишкек | Балыкчы |

**2) Кыргызстанда канча облус бар?** (астынан туура жообун белгиле)

| | | |
|---|---|---|
| 7 | 5 | 6 |

**3) Бир жумада канча күн бар?** (астынан туура жообун белгиле)

| | | |
|---|---|---|
| 5 | 6 | 7 |

**4) Бир жылда канча мезгил бар?** (астынан туура жообун белгиле)

| | | |
|---|---|---|
| 4 | 3 | 2 |

**5) Бир жылда канча күн бар?** (астынан туура жообун белгиле)

| | | |
|---|---|---|
| 355 | 365 | 375 |

# КҮН ЖАНА ТҮН



☺ Таңда туруп, кечке жанат,
Күлүп чыгып, күйүп батат. (К..)

Түндө бар, күндүз жок,
Асманда бар, жерде жок. (А.)

📖 Күн баарыбызга: адамга, өсүмдүктөргө, жаныбарларга нурун төгөт. Күн батканда асманга Ай, жылдыздар чыгат.


Күн менен түн биригип, бир сутканы түзөт. Бир суткада 24 саат бар.

? **«Күн», «түн», «сутка» деген сөздөрдү түшүндүрүп берчи.**

☺ **Эмне үчүн күн менен түн алмашарын түшүндүрүүгө аракеттенгиле.**

# ЖАРАТЫЛЫШ КУБУЛУШТАРЫ

☺ **Алма данегинин өнүшүнө байкоо жүргүзүп көр.**



📖 Алманын ичинде данек бар. Данекти жерге көмсө, андан чырпык өсүп чыгат. Бир нече жылдан кийин ал өсүп чоңоюп, мөмө берет.





Балдар бакта алма терип жатат. Алманын жыты сонун, алма – таттуу.

## ДАРАК ЖЫЛДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИНДЕ



Дарактар бир жылда: жазда, жайда, күздө, кышта кандай өзгөрөт?



Өсүмдүктүн өсүшү үчүн күн, суу, аба, топурак керек.